# ОРУС ПРАВОСЛАВ ЧИРКӨӨСУ ЖАНА АНЫН ВОЛГА (ИТИЛЬ) ЖЭЭКТЕРИНДЕ ОТУРУКТАШКАН ТҮРК ЭЛДЕРИНЕ КАРАТА БОЛГОН МАМИЛЕСИ

**Dr. Durmuş ARIK**
Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / Türkiye
ОшМУнун Теология факультетине чакырылган окутуучу

## ÖZET

**Rus Ortodoks Kilisesi ve Volga (İtil) Boyundaki Türk Toplulukları İle İlişkisi**

Genel olarak Türk topluluklarının din olarak İslamı kabul ettiği bilinmektedir. Fakat İslam dışında Hıristiyanlık da bazı Türk guruplarının kabul ettiği dinler arasında yer almıştır. Özellikle Rus Ortodoks Kilisesi XVI. yüzyıldan başlayarak Rusya'nın doğusunda Volga (İdil) nehri boyuna yerleşmiş bulunan Türk topluluklarına yönelik misyonerlik faaliyetlerinde bulunmuştur. Bu faaliyetler daha çok Türk topluluklarının diline Hıristiyanlığa ait literatürün çevrilmesi, Türk gurupları arasından Hıristiyan din adamlarının yetiştirilmesi ve din adamlarını yetiştirecek okul ve diğer kurumların açılması şeklinde gerçekleştirilmiştir. Misyonerlik faaliyetleri Volga boyunda yerleşen Türk topluluklarından bir kısmının istemeyerek de olsa Hıristiyanlaşmasını sağlamıştır. Bu makalede Rus Ortodoks Kilisesi'nin tarihi, Hıristiyanlıktaki yeri ve Volga boyunda yerleşmiş Türk toplulukları ile Rus ortodoks Kilisesinin ilişkisi incelenmeye çalışılacaktır.

**Anahtar Sözcükler:** Hıristiyanlık, Rus Ortodoks Kilisesi, Misyonerlik, N.İ.İlminskiy.

## Киришүү

Жалпысынан Түрк элдери мусулманчылыкты кабыл алышкан. Бирок, Исламдан башка ар түрдүү диндердин кээ бир түрк элдеринин арасында тутунгандыгы маалым. Түрк элдери тарыхта белгилүү бир мезгилден баштап, христиан динин тутунушкандыгы белгилүү. Түрк элдеринин христиан дин менен болгон мамилеси, өткөн мезгилдерге таянып алгачкы байланыштары жөнүндөгү маалыматтар ачык айкын маалымдалбаган. Орто Азияда христиан дининин жайылышы

жөнүндөгү маалыматтар IV кылымдан кийинки мезгилдерде көрүнүүдө. Түрк элдеринин христиан дини менен болгон мамилеси көбүнчө чыгыштагы чиркөөлөр менен болуп келгендиги маалым. Алардын ичинен Православ чиркөөсү биринчи орунда турган. Муну менен бирге Орто Азиянын тарыхына Сасанийлер доорунда алардын кол астындагы настуриттер эзилүүдөн улам алгач Иранга баш калкалашып, кийинчерээк Түрк элдерине барып кошулушкандыгы айтылууда.[1] Бирок, тарыхый булактарда орустар христиандашкандан кийин ал динди өтө чон, аймакка жаюуга аракеттенишкендиги маалымдалган.

Негизинен орус империясынын карамагына кирип, көптөгөн жылдар бою алар менен кошо жашап калган кээ бир түрк уруулары, христиандашууга мажбур болушкан. Христиан динин түрк урууларынын арасынан чуваштар, гагауздар, татарлар, хакастар, тоолуу–алтайлыктар, якуттар, долгандар жана карагастардын бир бөлүгү тутунган. Советтер Союзу кулагандан кийин Орто Азиядагы мамлекеттерде түрдүү христиан диний агымдары сыяктуу Орус православ чиркөөсү да эски күчүн топтоо үчүн ар кандай иш аракеттерди жасап жаткандыгы байкалууда. Ошондой эле Орус православ чиркөөсү өз тарапкерлерин чиркөөгө тартууга аракеттенүү менен бирге бул аймакка бейтааныш болгон Протестант христиан миссионердик агымдарга каршы күрөшүп да келген, башкача айтканда өзүнүн жаны диндештерин топтоого аракет кылган.

Тарыхта түрк элдеринин христиан дини менен болгон мамилеси жөнүндө түрдүү маалыматтардын берилгенине карабастан,[2] Орус православ чиркөөсүнүн түрк элдери менен болгон мамилеси жөнүндөгү илимий изилдөөлөр өтө сейрек учурайт. Бул изилдөөде православ чиркөөсүнүн пайда болушу жана анын христиан дининдеги ээлеген орду, ошондой эле Орус православ чиркөөсүнүн Волга (Итиль) жээктеринде отурукташкан түрк элдери менен болгон байланышын жана күнүбүзгө чейинки мамилеси жөнүндө токтолом.

## Православ чиркөөсү жана анын христиандыктагы өзгөчөлүгү

Ортодокс грек тилинен которгондо-«orthos» «туура», ал эми «doksa» «ишеним»-дегенди түшүндүрөт. Ортодокс «orthodoks» сөзү «туура ишеним» деген маанини түшүндүрөт. Римдин үстөмдүк кылуусуна каршы, Византия патриархы туура жолдо экендигин белгилөө үчүн өздөрүн Ортодокс деп аташкан. Ошондой эле салтка

[1] Ü.Günay-H.Güngör, Türk Din Tarihi, İstanbul 1998, 179-186.
[2] Günay-Güngör, 178-206.

өтө тыгыз байланышта болгон, аян жана чиркөөнүн мыйзамдарына ылайык доктриналардагы ой жүгүртүүлөрдүн баары Ортодокс (православ) деп аталган. Христиан дүйнөсүндө жаңылыштык кетиргендигин жана туура жолдон адашкандыгын четке каккан ар бир чиркөө, өзүн «Ортодокс» (Православ) деп эсептейт.

Православ чиркөөсү түрдүү тарыхый этаптарда пайда болгон. Алгачкы мезгилдерде Рим императорлугунун эзүүсүндө калган Христиандар 313-жылы Миланда чыгарылган указдын натыйжасында эркиндикке жетишишет. Белгилүү мезгилден кийин, христиан дини Рим империясынын расмий динине айланат. Император Константин учурунда Рим империясынын борбору азыркы Стамбул «Жаңы Рим» аты менен таанылган. 381-жылы император Теодос I өлкөдөгү кээ бир маселелерди чечүү максатында уюштурган курултайда жаңы Рим патриархынын аброюн башка жердеги патриархтарга караганда жогорулаткан. Айрыкча жаңы Римдеги патриархка мурда болбогон укуктарды берген, анын Рим Папасынан жогору экендигине басым жасалган.[3] Кийинчерээк Стамбул патриархы Рим Папасынан жогору экендиги Халкидонский соборунда (Кадыкөй) ачык айкын жарыяланган. Бул синоддо поп экендиги айтылса да «Жаңы Рим» жана «Эски Рим» епископторунан абройлуу экендиги эске алып теңдик кабыл алынган. Ошентип, бул синоддо Стамбул патриархына Рим попундагы укуктары сыяктуу Анатолиядагы жана Римдеги чиркөөгө байланыштуу өкүмдөрүн чыгаруу укугу берилген. Рим папасынын өкүлдөрү бул буйрукка каршы чыгышса да аны өзгөртө алышкан эмес. Кадыкөй синодунда токтомдор кабыл алынып бул (мыйзамдар) эки чиркөөнүн ортосунда кылымдар бою уланып жана учурда да эки чиркөөнүн мамилесине таасирин тийгизген буйруктар катары эсептелип келет. Бул буйруктан кийин христиан дүйнөсүндөгү чыгыш жана батыш чиркөөлөрүнүн, VII кылымда папа Григорийдин дүйнөдөгү христиандардын жалгыз эле диний эмес, бийликте лидер болуу иш аракеттери, чыгыштагы чиркөөлөрүндө грек тилинин, батыш чиркөөлөрүндө латын тилинин колдонулушу, ишеним жана диний жөрөлгөлөрү менен байланышкан пикир келишпестиктери сыяктуу диний, маданий жана саясий талаш-тартыштардын себеби эки чиркөөнүн бири-бирине болгон мамилесин бузуусуна (алыстоосуна) себеп болгон.[4] Эн акыры 1054-жылы папа Гион IX тарабынан Стамбулга жөнөтүлгөн кардинал Умбертонун өкүлчүлүгү

---

[3] Н.С. Борисов, Церковные деятели средневековой Руси XIII-XVIIвв., Москва 1988, 157.

[4] А. Х. Эроглу «Христиандардын бөлүнүү процессине жалпы көз караш», ОшМУ теология факультетинин Илимий журналы Ош-2000 № 1, 56-58; Kürşat Demirci «Hristiyanlık» DİA, İstanbul 1998, XVII, 334.

астындагы өкүлчүлүк Стамбул патриархы тарабынан тосуп алынган. Бирок, ал патриархка карата аткарылышы зарыл болгон милдеттерди аткарбаган, өкүмдарлык мамиле жасаган. Ошондуктан Патриарх эки жолу аны кабыл албай койгон. Патриарх менен жолугуша албаган Умберто 1054-жылы 15-июлда жергиликтүү дин кызматкерлерин диний анофемасын (динден чыгаруу) Аясофяда жарыя кылгандан кийин Стамбулдан чыгып кеткен. Бул окуя эки чиркөөнүн ортосундагы мамилесин алыстаткан. Ушул мезгилден кийин Кудус (Ерусалим) жана Антакия чиркөөлөрү да Рим менен болгон байланышын биротоло үзгөн. 1453-жылы Түрктөрдүн Стамбулду басып алуусу, христиандардын биримдиги бузулуусу православдык жана католиктик сыяктуу чон агымдар пайда кылган.[5] Христиан дининдеги бөлүнүүчүлүк мезгил- мезгили менен Иса пайгамбардан бери келе жаткан Православ ишеними IX кылымдан кийин славяндардын арасында жайыла башталган, ошол эле кылымда болгарлардын жана сербдердин арасында да жайылган. Христиан дининдеги католик жана протестан агымынан башка православ 1054-жылы алыскы Римден бөлүнгөндөн кийин Византия, православдын борбору болгон. Ишенимин жана ибадаттарында окшоштук жактары болгон бир канча православ чиркөөсү, Византияга баш ийген. 1453-жылдан кийин Орус православ чиркөөсү Стамбул православ патриархына каршы күрөш жүргүзө баштаган. Бирок, 1917-жылы орус революциясынан кийин бул күрөштөн баш тартып, орус православ чиркөөсү патриархтыка айланган.

Православиенин биринчи руханий лидери Фенер (патриарх Экуменизм) Стамбул шаарында жайгашкан. 1453-жылы Византия императорлугу Түрктөрдүн карамагына өткөндөн кийин, православ париархы Осмон империясынын расмий уюму катары милдет аткарган. Фатих Султан Мехмет Стамбулду каратып алган учурда (1453) патриархты да өз карамагына алган. Ошентип, католиктер менен православдар биригип Осман императорлугуна каршы уюм түзүлүшүнө жол койбогон. Православиянын Стамбулдан башка патриархтыктарга Искендерия, Кудус жана Антиохияда жайгашкан. Көп сандаган улуттук чиркөөлөр бул төрт патриархка таандык. Бирок, Стамбулда патриархына баш ийген жана көз карандысыз чиркөөлөр да бар. Монофизит чиркөөлөр менен бирге жогоруда аталгандар, *«чыгыш чиркөөлөр»* деген ат менен белгилүү. Стамбул патриархы; Фенер патриархы же Рим православ патриархы деп да аталууда.[6] Мезгил өткөн сайын жамааттардын арасында чыккан дин

---

[5] Эроглу, 59-60; Demirci, 334.
[6] Борисов, 156; G. Tümer-A. Küçük, Dinler Tarihi, Ankara 1997, 300-301.

жаатындагы пикир келишпестиктер, чыгыш православ чиркөөлөрүндө да бөлүнүүчүлүктүн чыгышына себеп болгон. Стамбул православ чиркөөсү Рим православ, Армян православ, Суряний православ болуп 3 агымга бөлүшөт.

Гректер Стамбулду, Армяндар Ереванды, Суряниттер да Мардинди өздөрүнө борбор шаар кылып алышкан. Реформалоо указынын (1839) жарыяланышы менен Осмон империясынын карамагындагы жашаган православдарга да, башка диндегилерге да укук берилген. Папа Иоханнес XXIII (1962) православ менен Католик чиркөөлөрүн жараштырууга аракеттенген. Православ чиркөөлөрүнүн Родосто атайын чыкырылган (сентябрь 1963) конференциясында бул көз караш жактырылган. Натыйжада православ чиркөөлөрү ага патриарх Атенагорос менен папа Павел VI Кудуста жолугушуп (январь 1964, декабрь 1965) 900 жыл мурдагы динден четтетүүнү алып ташташкан. Ошону менен бирге эки чиркөө да, бири-бирине көз карандысыз эле, өздөрүнүн иш аракетин эркин жүргүзө беришкен.[7] Акыркы Фенер Рим Патриархынын дүйнөдөн кайтышы менен бошогон орунга патриархтык такка Дмитрий Барталамеос (октябрь 1991) дайындалган.

Православтардын негизги өзгөчөлүктөрү:

1. Патриарх руханий жетекчи. 2. Папа, Азирети Исанын өкүлү эмес, ал адам болгондуктан катачылык кетирет. 3. Ыйык Рухтун Атадан уулу аркылуу чыккандыгы маалымдалган. 4. Христиан тарыхында бир гана алгачкы жети собор (325-787) кабыл алынат. Аз. Мариям, Аз. Иса жана Азиздердин (апостолдор жана башка белгилүү диний лидерлер) ыйык иконалары урмат-сыйга ылайык. 6. Ибадаттар ар бир өлкөнүн өз тилинде жүргүзүлөт. 7. Чокунуу солго көздөй аткарылат, крестин эки жактагы колдорунун узундугу бирдей болуусу зарыл. 8. Евхаристия ибадатында нанга, арака (алькоголдук ичимдикке) суу кошулат. 9. Чокундуруунун артынан конфирмация жасалат. 10. Монахтар, епископтор жана патриархтар үйлөнө алышпайт, ал эми поптор үйлөнө алышат. Кээ бир шарттарга байланыштуу ажырашууга да болот. 11. Араф-(пресподка) акырет жашоосуна өтүү үчүн, күнөөкөр адамдын убактылуу бара турган жери,[8] православдар ибадаттарында иконаларга сый-урмат көрсөтүшөт, бирок, аларга сыйынышпайт. Ибадат жалгыз Аллага кылынат. Иконалар кээ бир мезгилдерде ибадат ыкмасы катары колдонулган. Иконасы жок православ чиркөөсү жок деп эсептелген. Ишенимдин негизинде чиркөөнүн башында Иса Машаыйк орун алган.

---

[7] Orhan Hançerlioğlu, İnanç Sözlüğü, İstanbul 1975, 475.

[8] Tümer – Küçük, 301.

Ал жердин жана асмандын ээси болуп эсептелет. Православдардын көз карашы боюнча ыйык китеп жана чиркөө салты, ыймандын булагы жана даанышманы. Күнүмдүк, жумалык жана жылдык ибадаттары, майрамдары жана пасхалары, христиан динине ишенген адамдарга Аз. Исанын жашоосун дайыма эскертүү максатын көздөшкөн.

**Орус православ чиркөөсү**

Мин жылдык тарыхка ээ болгон орус православ чиркөөсү, башка православ чиркөөлөрүнүн арасында өзгөчө орду бар. Орустар христиан динин Византия императорлугунун жардамы менен кабыл алышкан жана Византиялык христиан динин орустарга жаюу үчүн көп күч жумшашкан. Россиянын түштүк аймактары апостолдор менен тен, саналган жана славяндардын агартуучусу катары эсептелген Азиз Кирил жана Мефодий тарабынан үгүттөлгөн. 954-жылы Киев ханышасы Ольга чокундурулган. Бул окуя орустардын тарыхында маанилүү окуялардын чыгышына себеп болгон. Ошондой эле князь Владимирдин жана орус элинин 988-жылы чокундурулушуна алып келген. Орустар X кылымда (988-989) расмий түрдө христиан динин кабыл алышкан. Ал эми ошол эле кылымда Киев князы Владимир Святославдын (980-1015) христиан динин кабыл ала электен мурда Киевде христиан динин тутунган орустар да болгон. Киевдик русь Иудаизм, Христиан жана Ислам дининен кабардар болгон. Бирок, Византия падышачылыгы менен тыгыз байланышта болгон орустардын православ христиан динин кабыл алгандыгы кээ бир булактарда маалымдалган.[9] Христиан динин кабыл алышкандан кийин орустардын тарыхында жаңы доор башталган, орус маданиятынын калыптанышында православдар маанилүү роль ойногон. Православ диний уюмдары, китептери, искусствосу, алиппе сыяктуу элементтери орустарга Византия аркылуу келген.[10]

Монгол басып алусууна чейин Орус православ чиркөөсүнүн Стамбул патриархынын митрополиттеринен бири болгондугу белгилүү. Чиркөөнүн башында турган митрополит Стамбул патриархы тарабынан гректерден дайындалган. Бирок, ошого карабастан 1051-жылы жакшы илим алган, орус улутундагы митрополит Илларионго бул кызмат берилген. X кылымда өлкөдө өтө кооз чиркөөлөр, ал эми XI кылымда монастырлар курула баштаган. Азиз Антоний 1051-жылы Россияга «Антоний монастрь салтын» алып

---

[9] Караныз, Введение Христианства на Руси, ред. А.Д. Сухов, Москва 1987, 16-19; Thomas Hopko, «Russian Orthodox Church», ER, (Ed. M. Eliade), New York-London 1987, 488.

[10] A. Nimet Kurat, Rusya Tarihi, Ankara 1993, 29, 32-33.

келүү менен орустардын диний чөйрөсүнүн борбору болуп эсептелген Киевде чоң чиркөө курган. Монастырлар Россияда чоң мааниге ээ болгон. Чиркөөлөр таалим-тарбия багытында чоң роль ойногон жана теологиялык, тарыхый жана адабий чыгармалардын орус тилине которулушуна түрткү берген.[11]

1054-жылы католик жана православ чиркөөлөрү бөлүнүүгө учураган. Ошол мезгилден баштап православ чиркөөсүн XIV-XV кылымдарга чейин Византия империясы башкарган. Түрктөр Стамбулду басып алгандан кийин Россия *«Үчүнчү Рим»* деген өзгөчөлүккө ээ болгон Россия, православ чиркөөсүн башкаруу менен чыгыш християн маданияты акырындап славян элдерине өтө баштаган.[12]

XII кылымдарда Орус православ чиркөөсү орус элинин биримдигин сактап турган. XIII кылымдагы Монгол баскынчылыгында да Орус православ чиркөөсү толук бойдон жок болгон эмес, ал элди бириктирип турган. Ошондой эле чиркөөнүн саясий таасири да күчтүү болгон. Кичинекей княздыктарга бөлүнгөн Орус княздыктары, XIV кылымдарда Москва княздыгында бирге баштаган. Орус православ чиркөөсү Россиянын жаңыдан түзүлүшүндө маанилүү роль ойногон.

Монастырлар орустардын улуттук жүзүнүн сакталышын камсыз кылган. XIII кылымда курулган Почаев Лаура монастырында кызмат кылган Иван, Россиянын батышында православиенин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. XIV жана XV кылымдардын ортосуна чейин Россияда 180 жаңы монастыр курулган. Баскынчылар куулуп чыккандан кийин мамлекет да, чиркөө да күчүн арттырган. 1448-жылы Византия империясы жок болбостон, Орус православ чиркөөсү Стамбул патриархтыгынан көз карандысыз экендигин жарыя кылган. 1448-жылы орус поптору тарабынан уюштурулган Собор Метрополит Жонаска Москва жана бүткүл Россиянын метрополити деген наам ыйгарган. Күч топтой баштаган орус өлкөсү орус чиркөөсүнүн аброюн көтөрүүгө салымын кошкон. Орус православ чиркөөсү православ маданиятынын борбору Москва деп эсептөө менен 1589-жылы *«Үчүнчү Рим»* деген ат менен эски христиан патриархтарына тен өзгөчөлүктөгү абройго ээ болгон Жаны проваслав чиркөөсүнүн борбору деп жарыяланган. Ошентип, Стамбул патриархтыгы символикалык түрдө өз маанисин жоготпосо да, Москва православ маданияттын борбору болуп эсептелген.[13] 1989-жылы Москва Метрополити Жоб (Эйуп) алгачкы орус патриархы катары кызматка

[11] Н.С. Борисов, Церковные деятели средневековой Руси XIII-XVII вв., Москва 1988, 13-14.
[12] Demirci, 334-335.
[13] Demirci, 336.

дайындалган. Чыгыш патриархтары да мындан кийин орус патриархтыгын тааный баштаган.[14]

XVII кылымдын башы орус эли үчүн өтө кыйын учур болгон. Себеби, польшалыктар жана швециялыктар батыштан Россияны басып ала башташкан. Бул оор мезгилде Орус православ чиркөөсү эл алдында патриоттук кызмат аткарган. Баскынчылар өлкөдөн куулуп чыгарылгандан кийин Орус православ чиркөөсү коомдогу маселелер менен алектенген. Бул чөйрөдө реформачы патриарх Никон чоң салым жасаган. Кээ бир чиркөөлөрдүн кызматкерлери Патрик Никон тарабынан сунушталган реформаны түшүнө алышкан эмес жана ошол эле учурда чиркөөнүн аброюна баш ийүүнү каалашкан эмес. Бул жагдай «эски салтчылар» (старообрядный) деген жамааттын чыгуусуна себеп болгон.[15] Россияда Петр I тарабынан XVIII кылымдын башында маанилүү реформалар жүргүзүлгөн. Бул реформалар Орус православ чиркөөсүнө да таасирин тийгизди. 1700-жылы патриарх Андриандын өлүмүнөн кийин, Петр I жаны баш епископтун шайлануусун кечиктирүү менен 1721-жылы чиркөөдө «Ыйык Синод» деген башкаруу органын шайлоону сунуш кылган. Ыйык Синод орус православ чиркөөсүнүн карамагында жогорку даражадагы башкаруу органы болуп 200 жыл кызмат кылган. 1721-жылдан 1917–жылга чейин созулган Синод, өз мезгилинде областарда диний таалим-тарбия жана миссионердик иштерди жүргүзүү үчүн аракет кылган. Эски чиркөөлөрдү жаңылоо иши жүргүзүлгөн жана жаны чиркөөлөр курулган. XIX кылымдын башында кээ бир христиан теологдор, тарых, тил жана чыгыш таануу сыяктуу тармактардын өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан.

Орус православ чиркөөсү XX кылымдын башталышында жалпы россиялык собору өткөзүүгө даярдана баштаган. Бул иш чара 1917-жылдагы төнкөрүштөн кийин ишке ашкан. Бул собордо алынган чечимдердин арасында, Орус православ чиркөөсүндөгү патриархтын ролу ордуна келген. Собордо Москва метрополити Тихон Москва жана бардык Россиянын Патриархы болуп чечилген (1917-1925). «Тикон» революцияга каршы колдон келген аракетин аяган эмес. 1917-жылы бийликке келген большевиктер үчүн, октябрь революциясынан кийин Орус православ чиркөөсү эски режимди колдогон падышалык Россиянын уюму катары идеологиялык душман эсептелген. Ошондуктан көптөгөн попдор, епископтор жана дин кызматкерлери куугунтукталган. 1921-1922-жылдары Совет өкмөтү чиркөөнүн баалуу казынасын 1921-жылдагы экономикалык кризиске

[14] Борисов, 161-163.
[15] Борисов, 174.

байланыштуу элге пайдаланууга берген. Чиркөөнү жок кылуу максатында, жаңы режимдин жетекчилери дин адамдары менен күрөшө баштаган. II дүйнөлүк согуш башталгандан кийин чиркөөнүн түзүлүшү өлкөнүн бардык жерлеринде бүтүндөй бузулууга дуушар болгон. Кээ бир епископтор жашырынышкан жана алар өз попторун жашыруун башкарып турушкан. Советтер Союзу боюнча жүзгө чамалаган гана чиркөө ачык болгон. Көптөгөн дин кызматкерлери башка кызматка өтүүгө аргасыз болушкан же камалган. II дүйнөлүк согуш мезгилинде Сталин чиркөөлөрдүн ибадатка ачылуусуна уруксат берген жана епископтор менен камактагы башка дин кызматчыларын түрмөлөрдөн бошотулуусуна буйрук кылган. Бул мезгилде Орус православ чиркөөсү өлкөгө чоң жардам көрсөткөн. Натыйжада чиркөө менен өлкөнүн ортосунда жакындык пайда болгон. Чиркөө мамлекеттин контролуна өтүп, чиркөөнүн сыртка жайылуусуна каршы чыгуулар боло баштаган. Хрущевдун учурунда Орус православ чиркөөсү үчүн кыйын мезгил болгон, көптөгөн чиркөөлөр идеологиялык себептерден улам жабылган.

Россияда улуттук мааниге ээ болгон чокундуруунун 1000 жылдыгын белгилөө мамлекет менен чиркөөнүн байланышын күчөттү. Чиркөөнүн тарыхый мааниси жана орус улуттук маданиятындагы ролу эске алынып азыркы күндө да чиркөө менен өлкөнүн өз ара диалогуна байланыштуу иш-чаралар учурда да уланууда.

**Орустардын Волга жээктериндеки түрк элдери менен болгон алгачкы байланыштары.**

Орустар менен эн алгачкы жолугушкан түрк элдери Волга булгарларынан деп эсептелген чуваштар жана татарлар болуп эсептелет. Алардын христиан дининен орустар Волга жээгин басып алганга чейин эле маалыматы болгон. Волга жээгиндеги булгар өлкөсүнүн географиялык шарты ошол чөлкөмдөгү элдер менен соода жүргүзүүгө ыңгайлуу болгондуктан бул аймакта көп улуттар жана диндер болгон. Бул аймака чыгыштан жана Орто Азиядан мусулман жана христиан соодагерлери келип турган.[16] Орус эли X кылымдын аягында христиандашкандан кийин булгар мамлекетинде христиан дини жайыла баштаган. Соода-сатык байланыштары күчтүү болгон бул аймак ар түрдүү диндер жана маданияттардын аралашуусуна жана таанылуусуна себеп болгон.

Жазылган адабияттар жана археологиялык булактардын маалыматы боюнча булгар өлкөсүндө көп болбосо да орус

[16] İbn Havkal, Kitabı Suretü'l –Arz, Beyrut, (ty), 330-332.

соодагерлери, качкындар, туткундар жана христиан дин кызматкерлери болгон. Орус летопистеринен алынган бул маалыматтарды, Ибн Хавкал[17] ел-Белхи жана башка булактар, археологиялык буюмдар (крест, иконалар, ар түрдүү сүрөттөр) ырастап турат.[18] 1229-1230-жылдардагы Лавентевскийдин кол жазмаларындагы бир маалыматта 1-апрель 1229-жылы булгар мамлекетинде христиан миссионери Аврам өлтүрүлүп христиан мазарына көмүшкөндүгү жөнүндө айтылат.[19] Ошондой эле 1229-жылдарга летописи таандык Никондун маалыматы боюнча булгарлар улуу Суздаль князы Юрий Всеволодич менен жолугушуп, туткундарды алмашуу тууралуу келишим түзүшкөн. Бул келишим боюнча Улуу князь ага исмаилилерди (мус. Булгарлар) берет, алар болсо Улуу князга христиандарды берет[20] – деген чечимге келишкен.

Орустар чыгыштагы түрк жерлерин ээлеп алууну эңсешкен, ошондуктан бул аймактарда стратегиялык борборлор пайда болгон. Бул мезгилде Сура дарыясынын оң жээгиндеги орус колониясы чоң мааниге ээ эле. Ал Казань хандыгына каршы согушта падышага колдоо болуп берген. Өкмөттүк колониялар менен аскердик-феодалдык колониялар болгон. Ошентип, Сура дарыясынын жээгинде орус княздыктарынын жана феодалдарынын аскер күчүнө таянган шаарлар жана монастырлар өнүккөн. 1372-жылы Курмыштын Сура куймасында Курмуш шаары, 1523-жылы Казань хандыгына каршы жортуулда Василград (Василсурск) шаары курулган. 1551-жылы улуту орус эмес калктардын түздөн-түз киришүүсү менен Свияги дарыясынын жээгинде Свиятск шаары курулган. Волга жээгинде колониялык күчтүү саясат, бул чөлкөмдүн орус өкмөтүнө өтүшү менен башталган жана күчөгөн.[21]

Жаңы курулган шаарларда монастырлар курула баштаган. Бул жерде христиандаштыруу жана орусташтыруу саясаты жүргүзүлгөн. Орто Волга боюнун Россиянын карамагына өтүшүнөн мурда эле, шаарлар менен кошо Благовещенский, Нижегородский, Печерский, Макаровский, Желтоводский деген чоң монастырлар курулган. Бул монастырлар көптөгөн жерлерди ээлөө менен падышачылыкка ак кызмат кылып, эл арасында миссионердик иштерди жүргүзүп келген. Монастырлар, Волганын аймагындагы чуваш, татар, мари, мордва

[17] İbn Havkal, 335-336.

[18] П.В. Денисов, Религиозные верования Чувашей, Чебоксары 1959, 160.

[19] Б. Д. Грехов- Н.Ф. Калинин, «Булгарское государство до Монголского завоевания», материалы по истории Татарии, Казань 1948, I, 143-144.

[20] Х. Г. Имади, «Народы среднего поволжья в период господства золотой орды», материалы по истории Татарии, Казань 1948, I, 191; А.П. Смирнов, Волжские Болгары, Москва 1951, 49.

[21] Н.В. Никольский, «Христианство среди Чуваш среднего Поволжья в XVI-XVIII веках», ИОАИЕ (Известия общество археологии, истории и этнографии), Казань 1912, XXVIII, 1-3, 29-30 б.

сыяктуу элдердин жерлерин күч менен тартып алган.[22] Монастырлар өз аймагындагы жерлерге өз адамдарын жайгаштырып, алар жергиликтүү элге караганда саны көбөйө баштаган. Жергиликтүү эл болсо, өз жеринен куулуп, христиандыкты кабыл алууга же чиркөөнүн сүргүнүндө калууга аргасыз болгон.

Тарыхый маалыматтарда, Казаньды басып алынуусунан мурда Орто Волга аймагында, шаарларда жана айылдарда орус туткундары жашагандыгы баяндалат. Алар жергиликтүү эл менен өтө терең маданий байланышта болуп келген. Орус калкы жөнүндө кол жазмаларда (летопись) жана салык каттоолорунда, орустардын чуваштар жана татарлар менен бирге бир айылдарда жашагандыгы айтылган. Казань метрополити Гермогендин 1593 жылкы отчетунда билдирилгенине караганда: «орустар, туткун жана эркин жашаган татарлар, чуваштар, черемистер (мари) менен биргеликте жашашкан, алар менен бирге тамактанышып, алар менен кыз алып, кыз беришкендиги өтө көп кездешүүдө.[23] Бул абал Волга боюндагы жергиликтүү элдин Орус мамлекетинин карамагына кире элекке чейинки дооруна да тийиштүү. Орустар менен Орто Волгада жашаган жергиликтүү калктын мурдакы карым-катнаштары жөнүндөгү мисалдар арбын. Ал аймактагы Түрк урууларынын православ христиандары менен узак убакыттар бою өз ара мамиледе болгондугун далилдөө үчүн бул мисалдар жетиштүү.

Волга аймагы Орустардын карамагына өткөндөн кийин, падышачылык өкмөт бул аймакта өзүнүн үстөмдүгүн күчтөндүрүү аракетин жасай баштаган. Волга аймагында орус эмес калктын мекенинде курулган, аскер гарнизондору жайгашкан Алатыр, Чебоксары, Кокшайск, Лаишев, Тетуш, Ядрин, Космодемьянск, Цивильск, Царевококшайск, Уржум, Царевосанчурск сыяктуу шаарлар стратегиялык жактан маанилүү болуу менен, негизги максаты, орустарды бул жерлерге жайгаштырып жергиликтүү калкты көзөмөлгө алып, христиандыкты жергиликтүү калктын арасында жаюу болгон. Бул максатты ишке ашырууда жаңы аймактарга чиркөө жана монстырлар курулган.[24]

**Падышалык Россиянын жана Орус Православ чиркөөсүнүн Волга жээгиндеги түрк элдерине жүргүзгөн саясаты.**

XVI кылымдын орто чейинен баштап орустардын түрк аймактарында жайылуу процесси башталган. Бул процесс учурунда

[22] Денисов, 162.
[23] Денисов, 163.
[24] Е.А. Можаровский, Изложение хода миссионерского дела по просвещению Казаньских инородцев с 1552 по 1867 гг. Москва, 1880, 6-7.

Россия падышачылыгы, Орус православ чиркөөсүн өзүнө таанытып, аны менен кызматташтыкта болгон. Орус баскынчылыгы менен XVI кылымдын экинчи жарымынан тартып Волга-Урал аймактарында жашаган түрк уруулары, улуттук, диний жана маданий жактан орустардын басымына учураган. Россиянын чыгышка кирүүсүндө маанилүү ролго ээ болуп калган Казань жана Орто Волга аймактарында орустар жана христиан эмес элдер (чуваштар, татарлар, башкырттар жана фин уруулары) жашашкан. Ошондуктан, басып алынган жерлердеги орус башкаруучуларынын негизги милдети коюлган. Бул элдерди Москвадан жөнөтүлгөн православ христиан динине жана орус элине аралаштырып салуу болгон. Анткени, бул аймакта материалдык үстөмдүк менен бир катарда үстөмдүккө руханий жетишүү көздөлгөн. Бул максатта диний, укуктук, экономикалык жана маданий пландар даярдалып системалык түрдө ишке ашыруу үчүн аракет жасалган. Христиандыктан башка динди тутунган Казань аймагындагы орус эмес эл алгач христиандаштырылып орус мамлекетинин жакшы атуулдарына айландыруу көздөлгөн болчу. Орустардын ою боюнча Казань аймагы сырттан эле басылып алынган, эми болсо рухий басып алуу калган болчу.[25]

Орто Волга аймагында түрк жана Фин–Угор уруулары (марилер, мордва, удмурттар) бири-биринен ажыратылбастан, XVI кылымдын орто ченинен баштап, айрым убактарда христиандаштыруу жана орусташтыруу (ассимиляция) иш-аракетине дуушар болушкан. Бул иш-аракеттер арасында аймактагы калктын оор салык төлөөгө мажбурланышы, түрдүү указдар, башкаруучулук кагаздар жана иш чаралар, калктын колунда болгон кең жана өнүмдүү жерлердин орус башкаруучуларына жана монастырларга өткөрүлүп берилиши, орус айылдары жана аскерлери түрк жана башкалар улуттагы элдер жашаган аймактарга жайгаштырылышы, миссионерлер аркылуу эң алгач Чуваш, Татар, Башкырт сыяктуу мусулман же болбосо каада салтын ыйык сактаган Түрк урууларынын христиандаштырылуусу, ошол эле максатта орус болбогон элге карата чокунуу жайларын ачылышы, христиан катехизис (диний маалыматтарды камтыган китеп) жана христиандыкка тийиш болгон башка диний адабияттын түрк урууларынын тилине которулуп басылып чыгарылышы, түрктөрдөн христиан дин кызматкерлеринин тарбияланышы сыяктуу иш-чаралар орун алган. Бул иш-аракеттер менен Волга-Урал аймагында Түрк жана өзгө калктардын христиандаштырылышы жана орусташтырылышы көздөлгөн. Муну ишке ашыруу үчүн системалык

[25] Можаровский, 5; Н.М. Маторин, Религия у народов Волжско-Камского края, Москва 1929, 13.

түрдө белгилүү бир мөөнөттө саясий пландар иштелип чыккан. Басып алган алгачкы жылдарында чиркөө-мамлекет кызматташтыгы менен башкаруу орун алып, бул нерсе жакшы натыйжа бербегендигинен, өзгөчө чиркөө жана дин кызматкерлеринин билим берүү аркылуу таасир этүүсү алдынкы орунга чыккан. Түрктөргө жасалган диний басым көбүрөөк миссионердик иш-аракеттер аркылуу жүргүзүлүп жаткан.[26] Бул иш-аракеттерди ишке ашырыш үчүн бир топ уюмдардын түзүлүшү зарыл болгон. Орустардын карамагындагы жерлерде христиандыкты жайылтуу үчүн колониалдык бийликтин камсыздаган материалдык жардамы менен бирге монастырлар, чиркөөлөр жана окуу жайлар ачыла баштаган, андан соң булардын саны көбөйүп,[27] монастырлар жана чиркөөлөр Волга аймагындагы калкка зордук менен же болбосо өз каалоосу менен христиан дининин принциптерин, ибадаттарын, үйрөтүү жолдорун изилдешкен.[28] Кыска убакытта Казань аймагына орустар отурукташа баштаган. Орус православ миссионерлеринин XVI кылымда Волга боюнда орус улутунда болбогон калкты христиандаштыруу үчүн пайдаланган методдорунда бири монастырлар болгондой эле, окуу жайларын ачуу менен билим берүү тармагы дагы орун алган. Миссионерлердин максаты монастырлар жана окуу жайларда христиандыкты үйрөтүү болгон.[29]

Россия империясы башка калктарды христиандаштыруу үчүн колдонгон методдор XVI кылымга салыштырмалуу XVII кылымда өнүккөн. XVII кылымда көптөгөн указдар чыгарылып христиандаштыруу иш-аракети улантылган. Бул указдар христиандыкты кабыл алгандарга өзгөчө женилдик берип, аларга сыйлыктар ыйгарылчу. Исламды жайгандарды жазалоо; чокунгандарга сыйлык берүү менен кадыр-баркын көтөрүү указдар аркылуу жүргүзүлүп келген. Чокунгандарды белгилүү бир мөөнөткө салыктардан бошотуу, карыздарынан кечүү, аларга ар түрдүү материалдык жардам берүү практикаланган. Христиандыкты кабыл алган ири жер ээлерине жана көрүнүктүү инсандарга ар түрдүү женилдиктер берилген. Эгерде, адамдар жерлери конфискациялагандан кийин христиандыкты кабыл алган болсо, анда алар өзүнүн жерлерин кайтарып алууга укуктуу болушкан.[30] Бул иш-

[26] Kurat, 225-226.

[27] Можаровский, 8, 18; А. П. Григориев, «Урус болмаган халкларны христианлаштыруу, чаризмин милли колониал сийасети», (Орусчадан которгон Равил Рахман), Идил, Казань 1991, 6, 40.

[28] Маторин 18.

[29] Можаровский, 18; А. Благовещенский, История Казанской духовной семинарии за XVIII-XIX столетия, Казань 1905, 2-3; Святитель Юрий Казанский, 11-12.

[30] А. Хрусталев, Очерк распространения Христианства между иновертцами Казанского края, Казань 1897, 32; Никольский, «Христианство среди Чуваш…», 43-44.

аракеттердин натыйжасында орус империясынын өкмөтү башка улуттагы элдердин христиандыкты кабыл алышына жетишип, көптөгөн түрк атуулдар XVII кылымда христиан динине өтүп орусташып кеткен.[31] Ошол эле учурда XVII кылымда, айрыкча татарлар менен коншулаш болуп жашаган Чуваштардын көпчүлүгү исламды кабыл алган учурлар да кездешет. Бул кылымда исламды кабыл алган Чуваштардын саны Орус православына өтүп кеткендерден эч калышпайт.[32] Бирок бизге булактарда эч кандай статистикалык маалымат берилген эмес.

Россия империясы, XVIII кылымда башка улуттагы элди зордук-зомбулук менен христиандаштырууга жана орусташтырууга чоң маани берген. Бул доордо башка улуттагы адамдардын христиандыкты кабыл алышы, калктын өз каалоосу менен болбостон, Орус православ чиркөөсүнө көз каранды болбогондорго карата колдонулган эзүүчү жана кордоочу башкаруу методдоруна таянып ишке ашырылган жана сапатына караганда формалдуулугу менен айырмаланып турган.[33] Орус империясынын өкмөтү Волга аймагындагы башка улуттагы калктарды христиандыкты кабыл алууга жана чокундурууга мажбурлоо үчүн ислам үгүтчүлөрүнүн жайуучуларынын таасиринен сактоо алардын мурунку диндерине кайтып кетүүлөрүнө тоскоолдук кылуу жана алардын арасында христиандыкты орнотуу үчүн отурукташкан жерлеринен көчүргөн, ошондой эле узакташтыруу саясаты жүргүзүлгөн. Волга боюндагы орустардан башка улутагы адамдарга карата XVIII кылымда жасалган миссионердик иш-аракеттердин негизги багыты, билим берүү саясаты аркылуу болгон. Миссионердик иш-аракеттеринин натыйжасында билим берүү уюмдарынын курулушу менен жаңы монастырлар, академиялар жана окуу жайлар ачылган. Бул уюмдарда чуваштар менен бирге орус, татар, башкырт жана башка улуттагы окуучулар билим алышкан. Бул окуучулар башка улуттагы элдердин алгачкы христиан дин кызматкерлери болуп жетишкен.[34] Волга аймагында XVIII кылымдын биринчи чейрегинде Петр I нин указы боюнча 1723-жылы миссионерлерди даярдоо үчүн Казанский Федоровский монастырнын астында Славян-Латан окуу жайы ачылган.[35] Бул окуу жайдын окуучулары, чиркөө кызматкерлеринин балдары поп катары орус приходторуна, жаңы чокунгандардын

[31] Денисов, 172.
[32] Денисов, 173.
[33] Денисов, 178.
[34] Можаровский, 56-57
[35] А. Благовещенский, История старой казанской духовной академии 1797-1818, Казань 1875, 15; Денисов, 181.

балдары болсо, өз уруусуна жөнөтүлгөн, алардын кээ бирлери котормочу болуп кызмат кылышкан. 1738-жылга чейин Волгадагы башка улуттагы калктардан миссионер кадрларын даярдоо боюнча, монастыр жана чиркөөлүк окуу жайлары алектенишкен. 1745-1750 жылдар арасында Сивияжскта, Царевококшайскиде жана Элабугада жаңы келгендер үчүн атайын окуу жайлары ачылган.[36] Булардан башка, Курмушда, Алатырда, Пареცкде, Лисковдо жана Итиль аймагындагы башка улуттагы атуулдардан попторду тарбиялоо үчүн окуу жайлар ачылган. Ал окуу жайды бүтүргөндөр, өз калкынын арасында кызмат кыла турган дин адамдары болушу жана өздөрүнүн эне тилинде калкына христиандыкты түшүндүрүүсү пландалган.[37]

Россия империясынын өкмөтү, Волга аймагындагы калкты христиандаштыруу үчүн миссионер кадрларды даярдоодон тышкары андан да таасирлүү башка методдорду колдонуу жыйынтыгына келишип, бул таасирдүү методдордун арасында аймактагы калктын тутунуп турган ислам динине каршы күрөшүү методу да орун алган. Исламды жайуучулардын иш-аракеттеринин натыйжасында аймакта Исламды кабыл алгандар көбөйгөн. Бул абалды өзгөртүү жана тоскоолдукка учуратуу үчүн Россия империясынын өкмөтү бир нече жаңы методдорду пайдаланган.[38] Ошондой эле Ислам жайылтуучуларынын дарга асылышы, мечиттердин кыйратылышы буйрук кылынган. Петр I баштаган башка улуттагы атуулдардын христиандыкка өткөзүү жана анти-Ислам пропагандасы Екатеринанын бийликке келишине чейин уланып келген. Ал процессте Волга аймагында мусулман татарлардан башка негизги бөлүгү миссионерлер тарабынан зордоо жолу менен чокундурулган.[39]

Орус империясынын өкмөтү, XIX кылымда да христиандыкты жайуу саясатынан артка чегинүүнү эч ойлобогон. Ошондуктан миссионердик иш-аракеттериндеги орой методдордун ордуна маданияттуурак жаңы методдорду колдоно баштаган. Ошондой эле чиркөө жана расмий башкаруу чөйрөлөрү XVI, XVII жана XVIII кылымдарда башка улуттагы атуулдардын арасынан Чуваш жана татарлардан христиандыкка өтүп кеткендердин санын жогорулатууга жетишкен болсо да, XIX кылымда негизги көнүл бул калктын жаңы диндин толук тутунуусун камсыз кылууга жана ишенимдеринин чыңдалуусуна бурулган. Анткени XIX кылымдын ортолорунан баштап

[36] Никольский, «Христиантво среди Чуваш…», 88, 118; В.М. Горохов, Реакционная школьная политика царизма в отношении Татар Повольжа, Казань 1941, 22-23; Ф.Г. Ислаев, Православные миссонери в Поволье, Казань 1999, 43-46.
[37] Никольский, «Христиантво среди Чуваш…», 185.
[38] Никольский, «Христиантво среди Чуваш…», 63; Маторин, 22-23; Ислаев, 27.
[39] Никольский, «Христиантво среди Чуваш…», 92, 149-150.

чуваштар, татарлар жана башка калктар арасында христиандыктан чыгуу жана исламга кирүү аракеттери жайыла баштаган. Православ христиандыктан көпчүлүгүнүн чыгып кетиши жана Ислам пропагандасынын ийгилигине тынчсызданган орус империясынын бийлиги жана орус Православ чиркөөсүнүн көрүнүктүү адамдары, ага каршы күрөшүү үчүн бир нече жаңы методдор колдонууга мажбур болушкан. XIX кылымдын биринчи жарымында негизинен мурдагы мезгилдеги практикаланган башкаруу иш-чаралары менен бир катарда христиандыкка тийиштүү диний адабияттарды орус тилинен башка элдердин тилине которуу, мектептерди ачуу жана диний билим берүү, чиркөөлөрдө жана өз элинин арасында кызмат кылган христиан адистерин даярдоо багытында иш жүргүзүлгөн. Бул кылымда мектеп, христиандаштыруу жана ислам менен күрөшүүдө миссионерлердин эң негизги куралдары катары көрүлгөн.[40]

Россия империясы XIX кылымдын экинчи жарымында башка улуттагы калктарга колдонгон да зордоо методдорун кайрадан карап чыгууга жана өзгөртүүгө мажбур болгон. Мурда колдонгон методдордон биротоло танбастан кээ бир женилдиктерди камтыган жумшак методдорго көнүл бурушкан. Бул саясаттын негизинде 1860-жылдарда **«Илминский системасы»** аттуу Н.И. Илминскийдин[41] орусташтыруу системасы жана **«Гурий бир туугандыгы»** сыяктуу миссионердик уюмдар пайда болгон. Илминский системасына төп келген билим берүү саясат жана иш-аракеттери өркүндөгөн. Гурий бир туугандыгы миссионердик уюму да, бул жааттагы иш чараларды колдоп, христиан дининин жайылуусу үчүн чон аракет кылган.

Өмүрүн орус империясына жана чиркөөгө жумшаган Илминский, өзүнөн мурункулардан өзгөчөлөнүп, Россияда жана чыгыш өлкөлөрүндө миссионердик иш чараларды изилдеген, христиандаштырууда жана орусташтырууда колдонулган зордук зомбулук методдорду четке кагып, жумшак мүнөздөгү методдордун колдонулуусун сунуштаган. Волга калктарынын тилин, тарыхын жана жашоо образын билген Илминский, чет элдик деп таанылган башка элдердин улуттук эгемендүүлүк аракеттери жана христиандыктан

[40] Миссионерский съезд в городе Казани, Казань1910, 230-232.

[41] Н.И. Ильминский (1820-1891) христиан таалим-тарбиясы менен өскөн, Пензе Руханий семинарын аяктаган, кийинчерээк Казан Руханий Академиясын бүтүргөн. Казан университети жана Казань Руханий Академиясынын түрк тили профессору. Жалпысынан булактарда Ильминский жөнүндө «Белгилүү ориanталист Н.И. Ильминский», «белгилүү орус ориanталисти», «белгилүү орус миссионери», «атактуу миссионер, улуу окумуштуу жана педагог» сыяктуу маалыматтар берилүүдө. (Караныз, В.Н. Витевский, Н.И. Ильминский, Директор казанской учительской семинрии, Казань 1892; К.П. Победоноцев, Н.И. Ильминский, ПВ 1892, 5-16; Афанасеев, «Народное образование Н.И. Ильминский и его система школьного провошения инородцев казанского края», ЖМНП, жылы жок, стр. 1-6; I.T. Kreindler, Educational Policies Toward Eastern Nationalities in Tsarist Russia, Colimbia 1969, 11).

чогуу аракеттерге күчөгөн учурда зомбулук методдорду колдонуу аркылуу христиандыка тартуу терс натыйжа берээрин жакшы түшүнгөн. Волга жээгиндеги элдердин билимге жана окууга болгон умтулууларын эске алып, Илминский алардын бул каалоолорун христиандаштыруу жана орусташтыруу аракеттеринде колдоногондугу маалым.[42]

Ильминский системасында башка улуттарды ийгиликтүү орусташтырууда аларды христиандаштырууда жатат-деп белгиленген. Илминский орус эмес элдерди орустарга жакындаштыруу христиандык аркылуу гана ишке ашырылары жана Россиядагы бардык инсандар арасында биримдик ушул негизде аткарыла тургандыгын белгилеген. Илминский, башка улуттагыларды орусташтырууда колдонуучу негизги курал калктын сүйлөгөн **«эне тили»** деп эсептейт. Илминскийдин оюу боюнча эне тил колдонмоюнча алардын адеп-ахлактык, диний, илимий түшүнүктөрү жана ички дүйнөсүндө, руханий жашоосунда кандайдыр бир таасирдин болушу мүмкүн эмес.[43]

Ильминскийдин билим берүү системасындагы негизги каражат **ошол элдин тилинде жарык көргөн адабияттар, алардын тилине киргизилген христиан теологиялык терминдер, ошолордон даярдалган жетекчилер жана дин адистери** болуп эсептелет. Муну иш жүзүнө ашыруу үчүн биринчиден башка улуттагы калктарга өз тилинде билим берүүчү мектептерди ачуу, ошондой эле бул мектептерге христиан дүйнөсүн таанытып калктын ичкери катмарына жеткизүүчү күчтүү роль берүүсү зарыл.[44] Ильминский бир топ китептерди жана макалаларды жарыялап, буларда жаштарды орусташтырууда ушул мектептердин пассивдүүлүгүн критикалап, мурдагы жасалган каталардын ондолушуна бир канча жолдорду сунуштаган. Өзүнүн методунун негизги принциптерин көрсөткөн. Бул методдун жактоочулары алгач өтө аз эле. Бирок башка улуттардын арасынан миссионерлердин жана мугалимдердин даярдалуусу, мектептердин (Казань борбордук христиан мектеби, Казан мугалимдер мектеби, Симбирск чувай мугалимдер мектеби) ачылышы жана билим берүү системасын белгилүү бир тартипке келтирүү тарапкерлер көбөйгөн. Илминскийдин программасы элдик билим берүү министрлигинде, 1870-жылы 20-мартта бекитилген.[45]

[42] Н.И. Ильминский, «Краткий конспект по этногарфии Чуваш», ИОАИЕ, Казань 1991, XXVI, № 6, 522; Маторин, 29-32.
[43] Денисов, 300-301.
[44] А.Ф. Ефиров, Нируские школы Поволжья, Приуралья и Сибири, Исторический очерк, Учпедгиз 1948, 12.
[45] Чичерина, С., О приволжских инародцах и современном значении системы Ильминского, СПБ 1906, 16-17; A.A.Rorlich, The Volga Tatars, California 1986, 45, 86-87.

Расмий органдардан жана түрдүү мекемелерден колдоо алган Илминскийдин системасы XIX кылымдын 60-жылдарында колдонула баштаган. Бул багытта түрдүү иш-чаралар башталып, уюмдар түзүлүп, миссионердик мектептер ачылган. Илминский системасы негизинен Волга Урал аймагында колдонулганына карабастан, бул системанын мектептери Сибирде жана казактардын арасында да ачылган.

Орус миссионерлердин максаттары, 1917-жылы Совет бийлигине чейин өзгөрбөгөн, бирок XVI-XX кылымдардын арасында булардын масштабы жана колдонгон методдору өзгөргөн.[46] 1917-жылы СССР курулгандан кийин динге каршы пропагандалар башталган. Түзүлгөн Элдик комиссариаттын жетектөөсүндө буткүл совет мезгилинде атеизм кыймылы, азыркы Россия Федерациясынын түзүлгөнгө чейин басымдуулук кылган. СССРдин кулашы менен бирге эски советтер союзунун аймагында диний тармакта күчтүү жандануу башталган. Өзгөчө Орус православ чиркөөсү да өзүн жаңы шарттарда өнүктүрүү жана тарапкерлерин көбөйтүүгө аракеттенүүдө. Ошол эле учурда Ислам жана Христиан ааламынан көптөгөн дин кызматкери жана миссионери мурдагы Советтер Союзунун аймагына кире баштаган.

---

[46] Durmuş Arık, Çuvaşların Dini İnanışları Üzerine Bir Araştırma, (Басылбаган докторантура диссертациясы), Анкара 2002.